УДК:894/50.1

**Муканбетова Айнура Ишеналивна**
преподаватель Истории и обществознания
в лицее при КГМА им И.К.Ахунбаева
**Муканбетова Айнура Ишеналивна**
И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын алдындагы лицейи,
Тарых жана коом таануу мугалими
**Mukanbetova Aynura İşenalivna,**
teacher of History and social studies
at the lyceum at the I.K.Akhunbayev KGMU

# ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ МАМЛЕКЕТТИК ДЕҢГЭЭЛДЕГИ ИНСАН КАТАРЫНДА
# ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ КАК ЛИЧНОСТЬ ГОСУДАРСТВЕНОГО МАСШТАБА
# TUGOLBAI SYDYKBEKOV AS A STATE-LEVEL PERSONALITY

**Аннотация.** Бул макалада кыргыз адабиятынын патриархы Түгөлбай Сыдыкбековдун чыгармачылыгы каралып, анын өмүр жолуна жана чыгармачылыгына талдоо аракети жасалган. Башкача айтканда, автор бул макалада биз ойлогондой Түгөлбай Сыдыкбековдун эң маанилүү идеясын ачып берүүгө аракет кылыган. Бул идея кыргыз коомчулугуна өз эне тилиңди, салтыңды сыйлап, өз алдынча эгемендүү өлкөңдү куруу керек экенин жеткирүү болчу.
**Негизги сөздөр**: эне тил, адабият, китеп, салт, маданият.

**Аннотация.** В этой статье автор пытается раскрыть самую главную идею Туголбая Сыдыкбекова как мы считаем этой идеей была донесения до кыргызского общества что нужно уважать свой родной язык и традицию и строить свою независимую страну.
**Ключевык слова:** родной язык, литература, книга, традиция, культура.

**Annotation.** This article examines the work of the patriarch of Kyrgyz literature Tugolbay Sydykbekov. An attempt is made to analyze his life and work. In other words, in this article the author tries to reveal the most important idea of Tugolbay Sydykbekov, as we believe this idea was to convey to the Kyrgyz society that you need to respect your native language and tradition and build your own independent country.
**Key words:** native language, literature, book, tradition, culture.

Улуу сүрөткер Түгөлбай Сыдыкбеков акыркы китептеринин бирин “Мен миң жыл жашадым” деп атады эле. Албетте, бул философиялык, эстетикалык туюнтма. “Мен миң жыл жашадым” дегени бул жазуучунун эстетикалык чен-өлчөмү, дүйнө кабылдоосу, дүйнө көрүүсү, сезүүсү, туюусу. Ушунун баары анын көркөм мурасында орун алды.

Ал эми Т.Сыдыкбековдун өзүнүн чыныгы туулган жылын, күнүн аныктоосу да өзүнчө кызык. “Жылың чычкан, жер титирегенден кийин туура жыл маалы толуп, экинчи жазда, кой төлү аяктап калганда төрөлгөнсүң” деген экен энеси. Жазуучу териштирип, сурүштүрүп отуруп туулган жылын 1912-жыл деп токтойт. Бирок туулган күнү, айы жөнүндө

болгон маалыматы "кой төлү аяктаган маал". Т.Сыдыкбеков минтип эскерет: "Мурунку убакта биз тарапта кой төлү аяктап калган кез жыл мүнөзүнө карата 15-апрель менен 15-майдын аралыгы экен. Ошондуктан 30 барча кагазды таятасынын топусуна салып, алты айлык кызым Динаранын алдына койдум. Талпынып отурган кызымдын колуна илинген барча кагазда 14-май жазылыптыр. Ошентип, жашым отуз тогузга карап калган кезде, 1951-жылы февралда төрөлгөн күнүмдү аныктадым" (Т. Сыдыкбеков. Мезгил сабактары, 1982-ж., 416-б.)

Сүрөткердин жекече тагдыры канчалык татаал, карама-каршылыктуу, көп кырдуу болсо, чыгармачылыгы да ошондой. Ал 85 жыл жашап, анын ичинен 67 жыл колунан калемин түшүрбөй, баш көтөрбөй эмгектенип, өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин чыгармачылыктын түйшүгүн тарткан инсан.

Дүйнөлүк адабияттын тарыхында мындай узак чыгармачылык өмүрдү өз башынан өткөргөндөр өтө эле сейрек. Бирок кептин баары чыгармачылык өмүрдүн узактыгында эмес, мазмундуулугунда, жемиштүүлүгүндө.

Чыгармачылыгынын өнүмдүүлүгү, турмушту көркөм иликтөөнүн масштабы, эстетикалык дөөлөттөрдүн салмагы боюнча ал чыны менен залкар, чыны менен улуттук адабияттын патриархы, баба дыйканы.[1с.21-23]

Башкасын айтпаганда да, ал өзүнчө эле бир бүтүн китепкана адабий мурас калтырып кетти. Бардык жанрдагы чыгармаларын, анын ичинде олчойгон 14 романын эске алганда, анын жазгандары болжол менен 850 басма табактан туруп, 35 томдон ашык болчудай. Сандык көрсөткүчтү алганда да кыргыз профессионал адабиятында мындай өнүмдүү иштеген ким бар?

Анын үстүнө ошол китепкананы түзгөн чыгармаларда кыргыз элинин байыркы доорунан баштап, социализм заманы, анын кыйрашы, эгемендүүлүк жылдары сыяктуу ченемсиз тарыхый бурулуштардын духу, атмосферасы ишенимдүү берилип, сүрөткердин өзүнүн гана эстетикасы менен көркөм иликтөөгө алынган.

Жазуучунун чыгармачылыгы өздөрүнүн жанрдык көп түрдүүлүгү, идеялык-тематикалык кеңирилиги, турмушту сүрөттөөдөгү масштабдуулугу боюнча аны баарыдан мурда универсалдуу сөз чебери деп мүнөздөшкө негиз берет. Автордун ар бири улуттук көркөм өнүгүштө өзүнчөлүктүү орун алган романдарынан тышкары, анын ырлары жана поэмалары, аңгемелери жана повесттери, жомоктору жана драмалары, публицистикалык ой жоруулары, "Манас" эпосуна, кыргыздын байыркы тарыхына, таштагы жазууларга арналган илимий макалалары, философиялык эскиздери жана бир серпимдери биздин бул мүнөздөмөбүздү ырастап, бекемдеп турат.

Анын чыгармачылык тагдыры кыргыз профессионал адабиятынын тагдыры менен тагдырлаш, ортоктош, андан драмалуу, оош-кыйыштуу жолун, ийгиликтери менен бөксөлүктөрүн көрүүгө болот.[2.С.32-42]

Айтор, бул абдан драмалуу өмүр сүргөн, улут тагдырына байланыштуу түйүндүү маселелер боюнча коммунисттик идеологиянын заманында официалдуу бийлик менен тартынбай талашып-тартышып, ошондон улам далай куугунтук жеген таланттуу адам кыйла кызыктуу жана бай көркөм мурас калтырып кетти. Анын замандаштары, өз учурундагы адабий чөйрө, жеке тагдыры жөнүндөгү эскерүүлөрү, маектери да абдан баалуу.

Бир караганда, Совет бийлиги, социалисттик курулуш Т.Сыдыкбековго баарын эле бергендей, сый- урматка бөлөгөндөй болду. Бөтөнчө "Биздин замандын кишилери" романы үчүн 37 жаштагы жазуучу Сталиндик сыйлыктын лауреаты болгондон кийин мындай сый-урмат биринин артынан бири келди: Кыргыз ССРинин Эл жазуучусу,

академик, 12 жыл катары менен Жогорку Кеңештин эл депутаты, Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Эл дос- тугу ордендери. Маселен ушунча жогорку сыйлыктарды алып келе жаткан Т.Сыдыкбековго бараандуу 60 жылдыгына карата 1972-жылдын 12-майында Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйлоо жөнүндө чечим чыгат. Бул эмне деген логика? Ал мезгилде эң чоң сыйлыктар 60 жылдыкка карата берилчү эмес беле. Мындан чоң сыйлыктарды мурда эле албады беле. Муну кандайча кабыл алуу керек? Шылдыңбы? Мазактообу? Т.Сыдыкбеков бийликтин бул кадамын дал ошондой кабыл алган. Үч жарым жыл бою чакырышканына карабай өжөрлөнүп барбай да койгон, грамотасын албай да койгон. Айласы кеткен Жогорку Кеңеш 1975-жылы 25-ноябрда өз Указын өзү жокко чыгарууга мажбур болгон. Союз учурунда мындай окуяларга таптакыр жол берилген эмес.

Ал эми бул окуялардын өзүнчө чоң себеби, жүйөсү бар эле. Алды менен мунун баары Т.Сыдыкбековдун коомдук-саясий көз карашындагы, позициясындагы кескин өзгөрүүлөргө байланыштуу болчу. Чыныгы атуул, чыныгы мекенчил, улуттук интеллигенциянын туу башындагы адамдардын бири катары Т. Сыдыкбеков бийликтин катачылыктары, кыргыздарга, алардын тарыхына, улуттук тилине, маданиятына, каада-салтына байланыштуу жүргүзүлгөн саясатка карама-каршы келген маселелерди дал ушул мезгилде, жалгыз экенине карабай, башын канжыгага байлап алып, ачыктан ачык көтөрүп чыга баштайт.

"Биз элибиздин тарыхын, маданий мурастарын эстен чыгарып келатабыз. Өзүбүздү өзүбүз жамандап "жапайы", "жарым жапайы" элек деп элибизди кордоону мактаныч иретинде айтып көрдүк. Ушинтип өзүбүздү өзүбүз кемсинтүүнүн натыйжасында жылдызыбыз түшүп, шагыбыз сынат… Жада калса окумуштуулардын ичинде "кыргыз тили кыргыздарга гана таандык кичине тил" деп туюнгандар да бар. Ал тургай "ушул кичине тилде гезит-китептер чыгарып, телевидениеде берүүлөрдүн, радиоуктуруулардын кажети канча? Жалпыга түшүнүктүү орус тили эле жетишпейби?" — деген пикирлер жок эмес… "Не бир тилди ашыра мактоо, экинчи бир элдин маданиятын кем баалаш, анын маанисин төмөндөтүү эмеспи" — деп таамай жана тике белгилейт Т. Сыдыкбеков ошол мезгилде өкүм сүргөн жагымсыз жагдайды. [3.С-54-64]

Албетте, кийинки кезде улуттук маселелерди көтөргөндөр көбөйдү. Ал эми 70-жылдардын башында тоталитардык система болуп-толуп, камчысынан кан таамп, коммунисттик идеологиянын диктаты дүркүрөп, гүлдөп турганда буларды тике айтмак тургай, улут маселелерин эскерүүдөн көпчүлүк чочуп турган мезгил эмес беле. Акын Анатай Өмүрканов менен болгон маегинде Т. Сыдыкбеков ошол учурдагы абалы жөнүндө эч бир таарынбай, жайдары гана "Кыргыздар кызык эл… "Биздин замандын кишилери" Сталиндик сыйлык алгандан кийин ушул Дзержин гүлбагында басып жүрсөм, кол тамга сураган эл котолоп үйүмө чейин барып, кээ бирөөлөрү "кой" десем болбой колуман өөп жиберер эле… Кийин… ушу Джзержин менен басып калсам бирөө келип кол берип учураша алчу эмес… Залакасы бизге тийбесин дешип, учурашмак турсун угуп коёт, билип коёт дейби, телефон да чалышчу эмес…" деп эскерет.

Республиканын жетекчилерине кайрылып, элдердин тең укуктуулугу, кыргыз тилине, маданиятына карата текебер мамиле тууралуу ачуу чындыкты белгилеп, "элибиздин тарыхын, эне тилин, маданий мурасын, кай бир жакшы касиеттерин айтып көр. Оозуңа калкан тосулат. Тоскон башка-а… Ал тургай чок баскан мышыктай ыргып туруп, түз эле "улутчул" деген токмокту көтөрө чабуучулар бар" деп кейийт. Т.Сыдыкбеков-

дун мына ушундай бекем жана туруктуу позициясы официалдуу бийлик менен айыгышкан карама-каршылыкка алып келген. Анын каттары, макалалары БК-нын бюросунда, Жазуучулар Союзунун президиумунда талкууланып, сүрөткердин "оозун басууга, жоошутууга" бир топ аракеттер жасалат.

"Жабыкта жаткан төрт кат" Т.Сыдыкбековдун кыргыз элинин байыркы тарыхы, ата мурасы жөнүндө, социализм доорунда акырындык менен туюкка камала баштаган элдин, эне тилдин тагдыры жөнүндө ой жоруулары, ишенимдүүү түрдө келген жыйынтыктары, социалдык, коомдук турмуштагы терс көрүнүштөрдүн натыйжасында келип чыккан ички руханий драмасы.

Жетимишинчи жылдары башталган мындай "тирешүү" 90-жылдарга чейин улана берди. Казат Акматовдун "Окуялар, адамдар" деген китебинде да Т.Сыдыкбеков тууралуу кызыктуу эскерүүлөр бар.

1986-жылы Кыргыз ССРинин Жазуучулар союзунун кезектеги съезди болот. Казат Акматов анда Жазуучулар союзунун секретары. "Ошол съездде Түгөлбай Сыдыкбеков адатынча чыгып регламентти "тебелеп-тепсеп" бир саатча шашпай сүйлөп: "Эне тилибиз соолгон булак", "тарыхыбыз бурмаланган калп", "маданиятыбыз улуттук көрөңгөсү жок ачыбаган жарма" деген жыландын уусундай, төбөлдөргө жагымсыз сөздөрдү айтып, андан да кокуйу "эмне үчүн Москва кыргыздан космонавт даярдап учурбайт?" — деген доомат койгон.

Бир сөз менен айтканда, 30-жылдардан баштап 50-60-жылдарга чейин сүрөткердин чыгармачылыгы кыйла активдүү изилденген. Айрыкча "Биздин замандын кишилери" романынын Бүткүл Союздук ийгилигинен кийин бул багыттагы аракеттер кыйла күчөгөн. Бирок дал ушул мезгилден баштап "Сыдыкбеков таануууда" кандайдыр бир түшүнүксүз парадокс пайда болот.

Дал ушул учурдан кийин Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгында мурда болуп көрбөгөндөй "түшүмдүү мезгил" башталып, жазуучу ар түрдүү жанрда, балдарга арналган фантастикалык жомоктон тартып, байыркы доорго арналган тарыхый романга чейин, ар түрдүү темадагы ырлардан тартып, аңгеме, повесттерге че йин, тарыхка, ата мураска арналган макалалардан тартып, көркөм чыгармачылык жөнүндөгү маектерге чейин талыкпай, туруктуу иштейт. Парадокстун маңызы ушунда, жазуучунун чыгармачылыгы канчалык активдешип, түшүмдүүлүгү канчалык арткан сайын, ага карата адабий сын менен адабият таануу ошончолук пассивдүү боло баштайт. Ал эми тигил, же бул шартка байланыштуу Т.Сыдыкбеков тууралуу сөз болуп калса, анын кийинки чыгармалары көз жаздымда калып, ретроспективдүү түрдө баягы 50-жылдары чыккан романдары тууралуу үстүрт эскертилет. Бир караганда өтө эле таңкалычтуу. Ал эми бул "парадокстун" сыры жөнөкөй эле.

Барып-келип мунун баары баягы эле Т.Сыдыкбековдун майтарылгыс коомдук-саясий көз карашына келип такалат. Коммунисттик диктатуранын, идеологиянын катуу көзөмөлүндө турган, а тургай анын камчысын чапкан адабий сын Т.Сыдыкбековдон "оолактоого" аракет кылган. Жазуучунун ушундай абалы Советтер Союзунун "кайра куруу" деп аталган процесси башталганча узарып отурду. Суверендүүлүктүн шарапаты менен коомдук түзүлүш, анын идеологиялык негиздери өзгөргөндө Т.Сыдыкбековдун тагдырында да өзгөрүүлөр пайда болду. Башкасын айтпаганда да, жазуучу эң биринчилерден болуп Ч.Айтматов менен бир катар "Ак шумкар" орденине, "Эл баатыры" деген наамга татыды.

Адамзаттын өнүгүш тарыхы күбө. Элдин, улуттун оңолуусу, өсүп-өнүгүүсү үчүн эң биринчи иретте алардын өзүнө-өзү сыймыктануусу, өз күчүнө бекем ишенүүсү зарыл. Шүгүрчүлүк, кыргызда

андай көкүрөккө дем берген, ар-намыска чакырган өнөрлүү, уюткулуу эл экенибизди тастыктаган улуу дөөлөттөрүбүз бар. Алардын бири – Түгөлбай Сыдыкбеков. Ал "элим" деп жашап, эл үчүн талбай эмгектенип, эл үчүн күрөшүп, таламын талашып жүрүп өткөн элдин улуу уулу. "Өсөр эл өзүн сыйлайт" деген экен бабалар. Бул улуу инсандын калтырып кеткен руханий дүйнөсүн билүү, изилдөө, китептерин чыгаруу, элден мурда азыркы бизге, өсүп келе жаткан жаш муундарга керек, сабак болуу үчүн ага карата бойду түзөө үчүн, өнүгүп-өсүү, өзүбүздөгү ишенимди бекемдөө үчүн керек.

**Адабияттар:**

1 . С.Сыдыков, К.Конкобаев. Байыркы түрк жазуусу VII– X кылымдар. Б.:КТМУ-2001.

2. С.Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности. –М.-Л.;1951. 3. Орхон-Енисей эстеликтери. КИА, Ф.:1982

4. Т. Сыдыкбеков. Мезгил сабактары. Китепте:Ата мурасы жөнүндө сөз. Фрунзе: Кыргызстан, 1982

5. Т. Сыдыкбеков. Табылга: Макалалар жыйнагы. Адабият, 1991. 7. А. Мусаев. Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы жана «Манас» эпосу. Б- 2001.